**К.Карасаев атындагы БМУнун аспиранты Мустафа Йылмаздын 10.01.01 – кыргыз адабияты адистиги боюнча жазылган «Кыргыз жана түрк акындар чыгармачылыгындагы диний ырлардын окшоштуктары жана айырмачылыктары» деген темадагы кандидаттык диссертациясынын алдын ала коргоосу боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтуна, Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине жана К.Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетине караштуу филология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн уюштурулган Д.10.18.575 Диссертациялык кеңешинин өткөрүлгөн кезектеги отурумунун**

**№ 3 ПРОТОКОЛУ**

*Бишкек шаары* **16.06.2020**

**Катышкандар:**

1. Байгазиев Советбек Орозканович – диссертациялык кеңештин төрагасы, филология илимдеринин доктору, КР УИАнын академиги. Адистиги: 10.01.01; (жыйындын төрагасы);
2. Ыйсаева Нурзина Токторбековна – филология илимдеринин кандидаты – диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы. Адистиги: 10.01.01;
3. Джумагазиева Нуржан Курманбековна – филология илимдеринин кандидаты, доцент . Адистиги: 10.01.10;
4. Ибраимов Осмонакун Ибраимович – филология илимдеринин доктору, профессор, КР УИАнын мүчө-корреспонденти. Адистиги: 10.01.03;
5. Искендерова Суусар - филология илимдеринин доктору. Адистиги: 10.01.01;
6. Айтпаева Гульнара Амановна – филология илимдеринин доктору. 10.01.03;
7. Асанова Алтын Асановна – филология илимдеринин кандидаты. Адистиги: 10.01.10;
8. Кацев Александр Самуилович – филология илимдеринин доктору, профессор. Адистиги: 10.01.10;
9. Кадырманбетова Айнура Күмөновна – филология илимдеринин доктору. Адистиги: 10.01.01;
10. Мамбеталиев Кубан Ильязович – филология илимдеринин доктору. Адистиги: 10.01.01;
11. Орозобекова Жылдыз Калмашевна – филология илимдеринин доктору. Адистиги: 10.01.09;
12. Тиллебаев Садык Аллаханович – филология илимдеринин доктору. Адистиги: 10.01.01;
13. Үкүбаева Лайли – филология илимдеринин доктору. Адистиги: 10.01.01;
14. Шисыр Исхар Сувазович – филология илимдеринин доктору. Адистиги: 10.01.09.

**КҮН ТАРТИБИ:**

1. **Алдын ала коргоо**.

3. Аспирант Мустафа Йылмаздын «Кыргыз жана түрк акындар чыгармачылыгындагы диний ырлардын окшоштуктары жана айырмачылыктары» 10.01.01 – кыргыз адабияты адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын алдын ала коргоосу.

**УГУЛДУ:**

Отурумдун төрагасы, филология илимдеринин доктору, профессор Байгазиев С.О. ачып, күн тартибинде каралуучу маселе менен тааныштырды.

Диссертациянын темасы жана илимий жетекчиси (ф.и.д., проф. Акматалиев Абдылдажан Амантурович) К.Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинин окумуштуулар кеңешинин 24.02.2016 №7 токтому менен бекитилген.

Ишти кароо үчүн төмөнкү эксперттер дайындалган:

- Филология илимдеринин доктору, профессор С.Искендеровна;
- Филология илимдеринин доктору Ж. Орозобекова;
- Филология илимдеринин кандидаты, доцент Н.Сыдыков.

Изилдөө К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин мамлекеттик университетинин Кыргыз адабияты кафедрасында аткарылган.

Отурумдун төрагасы филология илимдеринин доктору, профессор С.О.Байгазиев илимий иштин мазмунун баяндап берүү үчүн диссертантка сөз берди.

**Диссертациялык ишинин кыскача мазмуну жана илимий жыйынтыктары тууралуу диссертант төмөндөгүлөрдү баяндады:**

**Мустафа Йылмаз:** Урматтуу төрага, диссертациялык кеңештин урматтуу мүчөлөрү жана жыйындын катышуучулары! Филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражаны изденип алуу үчүн жазган «Кыргыз жана түрк акындар чыгармачылыгындагы диний ырлардын окшоштуктары жана айырмачылыктары» аттуу темадагы ишимди сиздердин талкууңуздарга сунуштап отурабыз. Изилдөө ишибиз киришүүдөн, 2 главадан, корутундудан, пайдаланылган адабияттардын тизмесинен турат.

**Теманын актуалдуулугу**. Адамдардын ишеними, анын баардык жаратуучуга болгон ички туюмдары ар бир элдин байыркы мифтик-архаикалык, тарыхый-социалдык түшүнүктөрү ал элдердин көркөм сөз өнөрүндө чагылдаралган. Башкача айтканда, диндер коомдук аң сезимдин бир формасы катары адамзат коомунун эволюциялык өнүгүшүндө негизги ролду ойногон. Ал эми элдик оозеки чыгармачылыктагы, акындар чыгармачылыгындагы диний ырларда адамдардын диний, философиялык көз караштарынын элементтери толук сакталган. Мындан улам ар бир элдин байыркы мезгилдердеги тутунган диндери, карманган ишенимдери, курчап турган дүйнөнү аңдап-түшүнүү, таанып-билүү мүмкүнчүлүктөрүн аныктоодо диний ырлардын орду өзгөчө. Экинчиден, азыркы ааламдашуунун арааны жүрүп турган мезгилде түбү бирге “түрк тилдүү элдер» аталган калктардын байыркы мезгилдеги элдик ишенимдериндеги, дүйнөгө болгон көз караштарындагы, диний-философиялык түшүнүктөрүндөгү, каада-салт, адеп-ахлактарындагы жакындыкты аныктоодо да диний ырлар негизги булак катары кызмат аткарат. Мындан улам кыргыз жана түрк элдеринин диний ырларындагы жакындык, айырмачылыктарды анализдөө, салыштырма планда талдоо, такталган илимий жыйынтыктарды белгилөө зарылдыгы келип чыгат.

**Изилдөөнүн максаты** – кыргыз жана түрк элдеринин акындар чыгармачылыгындагы диний ырлардын жаралуу себептерин, тематикалык ар

түрдүүлүгүн, элдик оозеки чыгармачылыктагы, эпикалык мурастардагы түп-башаттарын талдоого алуу менен салыштырма планда кыргыз-түрк акындарындагы окшоштук, айырмачылыктарды белгилөө болду. Бул максатты иш жүзүнө ашыруу үчүн төмөнкүдөй милдеттерди алдыбызга койдук:

- кыргыз жана түрк элдеринин фольклорундагы, акындар чыгармачылыгындагы диний ырлардын изилдениш тарыхын талдоо, буга чейин адабияттаануу илиминде топтолгон илимий-теориялык эмгектерди анализге алуу;
- диний ырлардын, акындар чыгармачылыгындагы диний мотивдердин табиятын аныктоо жана анын айтылып калышын, максатын, түрлөрүн талдоого алуу, пайда болуу шарттарын белгилөө;
- кыргыз жана түрк эпикалык мурастарындагы диний ырлардын көркөм функциясын аныктоо;
- кыргыз-түрк акындар чыгармачылыгындагы диний ырлардын каада-салттык, ырым-жырымдык мүнөзүндөгү синкреттик абалын анализдөөдө элдик фольклорго жана эпикалык мурастарга талдоо жасоо;
- түрк элдери менен кыргыздардагы генитикалык байланыштын бар экендигин дин ырлары, акындар чыгармачылыгындагы диндик коз караштар аркылуу далилдөө;
- кыргыз-түрк акындык өнөрүндөгү диний теманын улантылышы жана замана темасындагы жалпылык, айырмачылыктарды белгилөө;
- диний ырлардагы көркөмдүк өзгөчөлүктөрдөгү жалпылык, айырмачылыктарды талдоо.

**Илимий иштин жаңылыгы** алгач ирет салыштырма планда кыргыз жана түрк элдериндеги диний ырлардын табияты, фольклордук жанрларда, эпикалык чыгармаларда диндик түшүнүктөрдүн чагылдырылышы, диний ырларындагы генитикалык байланыштын бар экендиги жана ислам дини менен байыркы ишенимдердин аралаша берилген синкреттик мүнөзү, акындар чыгармачылыгындагы диний теманын улантылышы, диндик мотивдердин орду, замана адабиятындагы окшоштук, айырмачылыктар мезгилдин духунда, салыштырма планда талданганынан көрүнөт.

**Иштин илимий-теориялык мааниси.** Аталган эмгегибиз түрк тилдүү элдердеги акындык өнөрдүн абалын, поэтикалык системаны түшүнүүгө, кыргыз жана түрк элдеринин эстетикалык ой жүгүртүүсүнүн башат, булактарын, салттуу мыйзамченемдерин, дин тууралуу көркөм ой жүгүртүүсүн тереңден билүүгө салым кошот.

**Иштин практикалык мааниси.** Иштин натыйжалары менен жыйынтыктары кыргыз жана түрк акындык өнөрүн окуп үйрөнүүдө, төкмөлүк өнөрдүн түрк элдерине таралышын, андагы айрым маселелерге тактоо киргизүүдө пайдаланылат. Ошондой эле жогорку окуу жайлардын филология жана түркология факультеттеринин студенттери үчүн окуу курал, атайын жана тандоо курстарында, семинардык сабактарда кошумча материал катары пайдаланылат.

**Коргоого коюлуучу негизги жоболор:**

- кыргыз жана түрк элдеринин байыркы мезгилдеги тотемдик, фетиштик, анимисттик, культтук ишенимдеринин бирдейлиги эки элдин түбү бир, бир тууган элдерден экендигин, оозеки чыгармалардагы бирдейликти дагы бир ирет далилөө менен акындар чыгармачылыгындагы дин ырларынын башат-булактары катары кызмат кылат;
- кыргыз жана түрк элдеринин эпикалык чыгармаларында диний ишенимдери толук чагылдырылган. Кыргыз эпосторунда байыркы ишенимдер басымдуулук кылса, түрк

дастандары исламга негизделген. Бул кыргыз эпосторунун байыркылык мүнөзүн белгилесе, түрк эпостору кийинки мезгилдерде жаралганын күбөлөйт;

- орто кылымдагы түрк акындарынын чыгармачылыгы XIX кылымдын аягындагы акындык өнөрдө диний багыттын уланаусуна өз таасирин тийгизген фактылардын бири катары короого болот. Бул кыргыз акындар чыгармачылыгында сопулук идеялардын жаралышына, замана поэзиясынын өнүгүшүнө өз таасирин берген;
- кыргыз-түрк акындарынын диний мүнөздөгү ырларына Алланы (кудайды, жаратуучуну), пайгамбарларды улуктоо, жакшы жүрүм-турумга, беш убак намаз окуу, орозо тутуу, ажыга барууга үндөө, чын дүйнө жалган дүйнө түшүнүктөрүн исламдын негизинде чечмелөө идеялары мүнөздүү;
- кыргыз акындарында жана түрк ашыктарындагы чыгармачылык салттуулуктар дээрлик окшош, бир гана түрк акындарындагы түш көрүү, шербет суу ичүү салты кыргыз акындарында кезикпейт;

**1-глава “Кыргыз жана түрк элдеринин диний ырлары, акындар чыгармачылыгындагы диний көз караштар: илимий-теориялык, методологиялык негиздер**” деп аталып, биринчи параграфы **Акындар чыгармачылыгындагы дин ырларынын фольклордук башаттары, табияты, эволюциясы”** – деп белгиленген.

Диний ырлар адамдардын жаратуучуга болгон ишенимин көрсөтүп, үгүт-насаат, динге чакырык мүнөзүндө айтылат.

Диний ырлардын жаралышы адамдардын табияттын сырларын толук түшүнүп биле элек мезгилдериндеги мифологиялык таанымга негизделген анимизмдик, тотемдик, магиялык, фетиштик ж.б. архаикалык түшүнүктөрү менен байланышта каралат. Экинчиден, “адам өзүн табияттан бөлбөй, өзүндөгү окшоштуктарды табияттан көрүп, ортого чек койбой, бир бүтүндүктө кабыл алып, өзү сыяктуу эле жаратылыштын, жан-жаныбарлардын да жан дүйнөсү бар экенин билип, алар адамга теңтайлаш, кээде андан да кудуреттүү тирүү жан экендигине бекем ишенет жана бул ишеним, белгилүү бир формада, же айрым көрүнүштөрдө тастыкталат. Бара-бара бул ишеним адамдын ой сезиминде образга айланат» [*КР УИАнын КЖ фонду инв. №360, 40 б.]* деген пикирлерге таянсак, диний ырлардын жаралышынын башаттары байыркы мифологиялык түшүнүктөргө негизделет.

Түрк адабият таануусунда диний ырлардын башаты тууралуу бир катар окумуштуулардын ойлору бар. Мисалы, түрк диний ырларынын тарыхын изилдөөгө алган Решид Рахмети Арат “Эски түрк шиири” (Eski Türk Şiiri) (1991) аттуу эмгегинде түрк диний ырларынын жаралышын М.Кашгаринин “Диван-лугат-ат түрк”, Ж.Баласагындан “Кутадгу билиг” дастандарына таянуу менен VIII кылымдан башталган, ага чейинки чыгармачылык монхейизм, буддизм ж.б. эски дингдерге таандык оозеки туундулар катары эсептеп, кошок (koşuk), кожан (kojan), кошма (koşma), такшут (takşut), такмак (takmak), кави (kavi) ж.б. жанрларды алардын үлгүсү катары карайт.

Бөлүмдүн экинчи параграфы **“Кыргыз-түрк дин ырларынын, акындардын чыгармаларындагы диний тематиканын изилдениш тарыхы, методологиялык негиздери”** деп аталат.

Дин ырларында элдердин курчап турган дүйнөнү таанып билүүсү, ишенимдери, философиялык көз караштары берилгендиктен аталган жанрды илимий жактан тыкыр анализге алуу менен элдердин тектештик, биртуугандык жакындыктарын аныктай турган бир катар жыйынтыктарды алууга болот. Мындан улам дин ырларынын изилденишин талдоого алуу алгач түркологиянын маселеси катары каралып, анан ар бир элде

изилденишин талдоого алуу максатка ылайыктуу. Түркологиялык аспектте кыргыздардын башка түрк тилдүү элдер менен карым-катышын, диний-философиялык жактан жакындыгын жана окшоштуктарын талдоого алууда В.Я.Бутанаевдин (Ф., 1989, Н.,1984, А.,1999, Б, 2002), А.М.Мокеевдин (М., 1977, М., 1984, Б., 2010), О.К.Каратаевдин (Б., 2003, Б., 2005, Б., 2013), А.С. Алымкуловалардын (Б., 2013) эмгектеринде талданып, кыргыз эли диний ишенимдери жана аларды колдонуу жагынан Саян-алтай түрк тилдүү элдерине жакындыгы белгиленет.

Фольклор таануу багытында диний ырларды жазуу жана илимий талдоого алуу иши кыргыз фольклорун жыйноо, изилдөө иштери менен удаа XX кылымдын 20-40-жылдарынан баштап колго алынган. Бул багытта жыйноочулар К.Мифтаков, Б.Солтоноев М.Богданова ж.б. тарабынан жыйналган эл адабиятынын үлгүлөрүнүн катарында дин ырлары да жыйналып, КР УИАнын Кол жазмалар фондунда (Инв. №50(247), №47 (241), №21 (214), №78 (278), №728, №474 (18 47), №10 (203), №214, №585 (5223), №169 (380), №149 (360) ж.б.) сакталып турат. Бул материалдар фондуда сакталып турганы менен диний ырларга илимий анализ жүргүзүүдө советтик идеологиянын кедергиси тийген. Ал мезгилдин алгачкы жылдарында аталган жанр тереңден изилденмек түгүл, “Кыргыз элинин оозеки чыгармачылык тарыхынын очеркинде” (1973) дин ырлары советтик идеологиянын чен-өлчөмүнөн каралып, бааланат.

Бөлүмдүн «**Кыргыз-түрк эпикалык чыгармаларындагы диний мотивдердин орду жана мааниси”** деген үчүнчү параграфында кыргыз-түрк эпикалык мурастарындагы диний ырлардын орду талдоого алынат.

Иштин экинчи главасы **“Кыргыз жана түрк акындык өнөрүндөгү диний ырлар”** деп аталат. Главанын 1-параграфы “**Кыргыз-түрк акындык өнөрүндөгү диний ырлардын орду, мааниси, функциясы” деп аталат.**

Оозеки чыгармачылык (фольклор) улам мезгил берилеген сайын жекеликке багыт алып, аты уламышка айланган Кетбука, Асан Кайгы, Токтогул ырчы өңдүү акындардын, андан бери төкмө акындардын, кол жазма адабиятынын өкүлдөрүнүн чыгармачылыгын калыптандырган. Кыргыз акындар чыгармачылыгы узак мезгилдик жолду басып, XIX кылымдын экинчи жарымы XX кылымдын баш ченинде өнүгүүнүн бийик чегине жетип, акындык өнөрдүн “классикалык доору” аталды.

XVIII кылымдын II жарымында мурда Фергана өрөөнү менен чектелген Кокон хандыгы мамлекетке айланып, бир катар чептердин (Каракол, Барскоон, Коңур Өлөң ж.б.) негизделиши, XIX кылымдын экинчи жарымынан тарта түндүк-түштүк кыгыздарынын Россиянын курамына киргизилиши, ислам динине багытталган мектептердин (усили жадид, Аптиек, Чаар китеп, Сопуалдаяр), медреселер ачылып, чыгыш адабияты окутулушунан улам акындардын чыгармалары тематикалык жактан байып, дин, ислам, Алла, кудай, шарият ж.б. диний темадагы ырлар жарала баштаган. Экинчиден, ислам дининин бир салаасы болгон суффизм агымынын жактоочулары эл арасына миссионерлерин киргизип, ислам дининин түшүнүгү боюнча ааламды, жерди бир гана кудай жараткан, Мухаммед анын элчиси деген үгүт-насааттарын жүргүзүшүп, бул пикирди эл арасына таратуу иштерин аткарышкан.

Кыргыздардын кол жазма адабиятынын өкүлдөрү Молдо Нияз, Нур Молдо, Алдаш Молдо, Молдо Багыш сындуу акындар диний билим алгандыктан, орто кылымдагы жазма адабияттын үлгүлөрү менен толук тааныш болгондуктан чыгармаларында диний ойлор басымдуу. Ал эми чыныгы төкмөлүк өнөрдүн өкүлдөрүнүн ырларында, айтыштарында да

исламдын элементери кездешпей койбойт. Жеңижоктун “Бир Алла” ырында бул турмушта жашап турушунун өзүн Алланын амири менен экендигин ырында айтып, адамзатынын уланышын Адам Ата, Обо энеден тарагандыгын ырдайт:

Жети кабат асманга,
Күн жараттың бир Алла.
Жылдызы чеге ай менен,
Түн жараттың бир Алла.
Түрдүү, түрдүү ааламга
Түр жараттың бир Алла.
Ичи толгон бейишке,
Ур жараттың бир Алла.
Адам ата, ава эне,
Жуп жараттың бир Алла

[Жеңижок. Түзг.: А.Акмталиев, А.Жусупбеков, М.Мукасов – Бишкек: 1999, 320 б., 47].

Ал эми көпчүлүк акындарда салттуу ырдалып келген дүйнө тууралуу ырларда айрым акындар дүйнөнү диний мазмунда чечмелешип, ак карасын ырга салышкан.

Экинчи бөлүмдүн 2-параграфы «**Замана акындары жана алардын диний түшүнүктөрүндөгү жалпылыктар” деп аталат.** Бул параграфта кыргыз акындар чыгармачылыгындагы замана темасы, түрк акындарындагы Фелек (замана) адабияты салыштырма планда талданат.

Экинчи бөлүмдүн үчүнчү параграфы **«Диний ырлардын көркөм эстетикалык бөтөнчөлүктөрү”** деп аталып, кыргыз-түрк диний ырларынын көркөмдүк өзгөчөлүктөрү талдоого алынат.

Корутундуда төмөнкүдөй жыйынтыктарга келдик:

Кыргыз элинин акындар чыгармачылыгындагы жана түрк ашык адабиятындагы диний ырлардын алгачкы түп башаттары катары фольклордогу диний ырлардын табиятын, эволюциясын, эпикалык чыгармалардагы диний мотивдерди талдоо менен дин ырларынын кыргыз-түрк фольклор таануу, адабият таануу багыттарындагы изилдениш тарыхын анализге алып, эки элдин акындарындагы диний ырлардын жаралуу себептерин, тематикалык ички бөлүнүштөрүн, “Замана адабиятындагы” жалпылыктарды жана көркөм-эстетикалык өзгөчөлүктөрүн талдоодон улам бир катар окшоштуктарды жана айырмачылыктарды белгиледик:

**Окшоштуктары:**

- Дин ырлары ыргыз жана түрк элдеринин байыркы табият сырларын аңдап түшүнө албаган баёо мезгилиндеги анимисттик, тотемдик, культтук ишенимдерге негизделип пайда болуп, кийин ислам динин таралышы менен ал диндин эреже-жоболорун өз боюна сиңирип, бир катар чыгармаларда синкреттеше берилген. Мындай көрүнүш кыргыз жана түрк фольклорунда жалпы жонунун бирдей берилип, эки элдин байыркы мезгилдерде бир уруудан тараган жакындыгын, оозеки чыгармалардагы окшоштуктарды айгинелеп турат;
- Дин ырларынын негизин түзгөн айтымдар, дуба-дарым сөздөрү, ак бата, тилектер, каргыштар жана исламдык түшүнүктөр эки элдин эпикалык чыгармаларынын курамында туруп, эпостун көркөм деңгээлин көтөрүү функциясын аткаруу менен кайсы мезгилде элдердин кандай ишенимди тутунгандыгы тууралуу кабар берет;
- Эки элдин оозеки чыгармачылыгындагы дин ырлары лирикалык түрдүн бир жанрын түзгөнү менен жетик көркөмдүккө өсүп жете албагандыктан адат-салт ырларынын нугунда өнүгүшү, бир канча тарыхый-социалдык шарттардан улам кыргыз акындар поэзиясында, түрк ашык адабиятында өзүнчө тематика катары ырдалышы, көпчүлүк акындардын чыгармачылыгында кезиккен салттуулукка айланып, мезгил, коом өзгөргөн сайын улам жаңылануларга ээ болушу, синкреттүүлүк белгилери жагынан окшош;

- Кыргыз акындар чыгармачылыгы менен ашык адабияты (түрк акындар чыгармачылыгы) эки элдин адабий өсүү жолунда өз алдынча мезгилдик мерчемди кучагына алуу менен, салттуу өзгөчөлүктөрдү калыптандырган чыгармачылык этап катары адабияттын тарыхында жашап калгандыгы жагынан окшоштуктарга ээ;
- Кыргыз акындар чыгармачылыгы мазмундук, формалык, салттуулуктардын сакталышы, аткарылышы ж.б. өзгөчөлүктөрү менен түрк ашык адабиятына окшош. Түрк ашыктары менен кыргыз акындарынын чыгармачылыгындагы импровизатордук, синкерттик, устат-шакиртчилик, поэтикалык, тематикалык салттуулуктары жагынан жакындыктарды байкоо кыйын эмес;
- Кыргыз-түрк акындар чыгармачылыгындагы айтыштар жана атышмалар (түрк айтыштары) жалпы жонунан окшош. Мисалы, Алланын (кудайдын), пайгамбарлардын жакшы иштерин даңазалаган алым-сабак айтыштар, динден собол салып, экинчи
- акын аны таржымалдап жооп кайтарган табышмак айтыштар, чын дүйнө жалган дүйнө сүрөттөлүшүн тариздеген санат айтыштар ж.б.;
- Кыргыз-түрк акындарынын диний ырлары негизинен буйрук иретинде айтылып, дидактикалык, таалим-тарбиялык, агитациялык мүнөзгө, өзүнө ылайык формага, ритмге ээ. Акындардын дин ырларына салыштыруу жана кайталоолор мүнөздүү болсо, сөздүн көркөмдүк даражасын күчөтүү үчүн колдонулган метонимия, аллегория, гипербола, литота сыяктуу көркөм каражаттар сейрек колдонулат;

**Айырмачылыктары:**

- Дин ырларын илимий талдоого алууда түрк окумуштуулары негизинен исламга басым коюп, аны талдоонун чоң мектептери түзүлсө, кыргыз адабиятчылары мифологиялык, тотемдик, шамандык, культтук ж.б. байыркы ишенимдерин талдоого басым коюшкан. Түрк элинин өзгөчө исламдашуусу адабиятын мезгилдештирүүдө исламга чейинки, ислам адабият жана батыш маданиятынын таасири астындагы адабият деп бөлүштүрүүдөн да көрүнөт;
- Кыргыз элинин эпикалык чыгармалардагы тотемдик, культтук, шамандык байыркы диний көрүнүштөр, исламдык (Манастын намаз окуусу, даарат алуусу, нике кыюу, сүннөт кылуу ж.б.) түшүнүктөр синкреттик абалда көркөм чагылдырылса, түрк дастандарынын көбү исламдашып, шариаттын жол-жоболоруна, исламдык идеяларга негизделген. Бул кыргыз эпосторунун байыркылыгынан кабар берсе, түрк дастандары кийинки мезгилдерде жаралганын күбөлөйт;
- Түрктөрдүн исламдашуусу тарыхый маалыматтарда VIIIкылымда Талас (751 жыл) мусулман-арабдар менен кытайлыктардын ортосунда согуштан соң жаралып, адабият маданият бүтүн исламдашса, кыргыз акындар чыгармачылыгы кокон-орус бийлигинин учурунда калыптанып, оозеки адабияттын экинчи бир баскычка көтөрүлүүсүнө таасир бергени менен түрк адабиятындагыдай түп тамырынан бери толук исламдашуу жүрүп кеткен эмес;
- Орто кылымдагы түрк акындары Ахмед Яссави, Сулейман Бакыргани ж.б. акындардын чыгармачылыгы XIX к. аягы XX к. башындагы кол жазма адабиятын түптөгөн кыргыз акындарына өз таасирин тийгизип, жазма, төкмө акындардын чыгармачылыгында диний мотивдердин жаралуусун шарттаган;
- Кыргыз жана түрк акындарында төкмөлүк, устат-шакиртчилик, синкреттүүлүк, айрым поэтикалык салттуулуктарда окшоштуктар болгону менен түрк ашыктарындагы түш

көрүү, түшүндө шербет суу ичүү салты кыргыз акындарында кездешпегени менен айырмалуу;
Түрк акындарынын чыгармаларында Алланы, пайгамбарларды улуктоо, исламдын шариат-жоболорун түшүндүрүп, ыймандуулукка үндөө идеялары (суфийлик идеялар) басымдуулук кылса, кыргыз акындары замана тууралуу ырларды ырдоодо артыкчылыкка ээ. Кыргыз акындары заман тууралуу ойлорду салттуу тема  катары ар бир акын ырга салып, адабий агымга чейин көтөрүлгөн. Көңүл бурганыңыздар үчүн рахмат!

**Отурумдун төрагасы, ф.и.д., профессор Байгазиев С.О.:**

Баяндама бүттү. Анда  диссертациялык иш боюнча суроолор болсо, бериңиздер.

**Ф.и.д. Мамбеталиев К.И.:** Азыркы учурда түрк элинде төкмөлүк (импровизация) деген барбы?

**Изденүүчү Мустафа Йылмаз:** Суроонуз үчүн рахмат! Албетте, кыргыз кахак жакын туушкан элдерден. Аларда төкмөлүк, импровизация күчтүү өнүккөн. Мен кубанам. Бизде, түрктөрдө да бала кезимден бери билем, турган жеринде ырдаган төкмөлөр бар. Түркиянын чыгыш тарабында бул өнөр өнүккөн дешке болот. Айылда саз менен ырдоо толук популярдуу дешке болот.  Ал өнөр бүгүнкү күндө да жашап келет. Бирок, кыргыз, казак элдериндегидей өтө популярдуу эмес.

**Ф.и.д. Мамбеталиев К.И.:** Сиз диссертацияңыз боюнча публикацияларды кайсы тилде жасадыңыз?

**Изденүүчү Мустафа Йылмаз:** Публикациялар көбүнчө кыргыз тилинле Кыргызстанда жарык көрдү. Түрк тилинде жарык көргөндөрү да бар. Ал эми РИНЦке кирген журналдарга жарык көргөн макалалар орус тилинде жарыкка чыкты.

**Ф.и.д., профессор С.О.Байгазиев: 1.** Кыргызстанга келгениңизге канча жыл болду? 2. Кыргыз тилин Түркияда үйрөндүңүз беле же бул жакка келгенде өздөштүрдүңүзбү?

**Изденүүчү Мустафа Йылмаз:** Кыргызстанга келгенибизге төрт жылдан ашты. Бешинчи жылдын ичиндебиз. Бул жакка иш боюнча келишим менен иштеп келгенбиз. Чынын айтыш керек, мен бул жерге келгенге чейин кыргыз тили эмес, Кыргызстан тууралуу маалыматым жок болчу. Бул жакка келгенден кийин үч айдан кийин тектеш тил экенин байкадым. Анан окуп бат эле үйрөнүп кеттим.

**Ф.и.д., профессор Л.Үкүбаева:** Түрк акындарында түш көрүү, шербет суу ичүү деген мотив бар экен. Бул көрүнүш кыргыздарда жок бекен?

**Изденүүчү Мустафа Йылмаз:** Түш көрүү кыргыздарда өзгөчө манасчыларда көп кездешкен көрүнүш. Ал эми акындарда ошондой бир салт  бар экенин кезиктире албадым. Бул салт негизинен 16-17-18-кылымдарга таандык дешке болот. Акын качан түш көрүп, шербет суу ичкенден кийин кудайдан берилген талант, кудурет катары таасири күчтүү болгон. Ал көрүнүш тилекке каршы, азыркы учурда азайды.

**Ф.и.д. С.А.Тиллебаев:** Биринчиден, изденүүчү Мустафа Йылмаз буга чейин коргоп кеткен түрк боордошторго караганда кыргыз тилин дээрлик чыйрак өздөштүргөнүн байкадым. Бул жагы колдоого татыктуу. Ал эми суроо: Түрк ашыктар поэзиясы менен кыргыз акындар чыгармачылыгында окшоштуктар кайсы маселелерде көрүнөт экен? Сен бул эки чыгармасылыкты бири-бирине окшош деп бергенсиң. Ал эмнеден көрүнөт. Мисалы, курандан алынган аят, сүрөөлөрдү сыпаттоо жагынан бул эки поэзиянын окшоштук жактары келип чыгат. Мисалы, Молдо Багыштын ырларын атоого болот. Ушундай курандын сүрөөлөрүнө таянып, чыгарма жараткан түрк акындары барбы? Эгер ушул жок болсо ушул ойду кошушуң керек.

**Изденүүчү Мустафа Йылмаз:** Биз бул тууралуу диссертациялык ишибизде айтканбыз. Сиздин сунушту дагы эске алабыз.

**Отурумдун төрагасы, ф.и.д., профессор Байгазиев С.О.:**

– Эми суроолор бүткөн болсо, эксперттик комиссияга сөз берилет:

Эксперттик комиссиянын төрайымы, ф.и.д., профессор С. Искендеровна: (пикири тиркелет) мүчөлөрү ф.и.д. Ж.Орозобекова: (пикири тиркелет), ф.и.к., доцент Н.Сыдыковдор (пикири тиркелет) сөз сүйлөп, диссертациялык ишти бардык жоболорго ылайык карап чыкканын, диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого укук берген адистикке дал келерин, максаты, милдети, предмети, обьектиси баары каралганын билдиришти..

**Отурумдун төрагасы, ф.и.д., профессор Байгазиев С.О.:**

Изденүүчү Чотикеева Канышайдын 10.01.03 – чет элдер адабияты (тажик адабияты) адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган “Тажик-кыргыз адабий байланыштары (Мирзо Турсун-заденин чыгармачылыгынын мисалында)” аттуу темадагы диссертациясы коргоого сунушталсын. Добуш берип койсоңуздар.

Баары – 14

Макул – 14

Каршы – жок

Калыс – жок

Бир добуштан кабыл алынды.

Жогоруда айтылгандарды эске алып, угуп жана талкуулап, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтуна,Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине жана К.Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетине караштуу филология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу боюнча уюштурулган Д.10.18.575 Диссертациялык кеңешинин отуруму

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Изденүүчү Мустафа Йылмаздын 10.01.01 – кыргыз адабияты адистиги боюнча жазылган «Кыргыз жана түрк акындар чыгармачылыгындагы диний ырлардын окшоштуктары жана айырмачылыктары» деген темадагы кандидаттык диссертациясы боюнча түзүлгөн эксперттик комиссиянын корутундусу кабыл алынсын;

2. Диссертациялык ишке расмий оппоненттер катары ф.и.д. Тиллебаев садык Алаханович, ф.и.к., доцент Сабитова Элмира, ал эми жетектөөчү мекеме катары К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун манастаануу жана кыргыз адабияты кафедрасы бекитилсин.

3. Изденүүчү Мустафа Йылмаздын 10.01.01 – кыргыз адабияты адистиги боюнча жазылган «Кыргыз жана түрк акындар чыгармачылыгындагы диний ырлардын окшоштуктары жана айырмачылыктары» деген темадагы кандидаттык диссертациясы Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясынын кандидаттык диссертацияларга койгон талаптарына жооп берет деп эсептелсин жана коргоого сунушталсын.

4. «Кыргыз жана түрк акындар чыгармачылыгындагы диний ырлардын окшоштуктары жана айырмачылыктары» аттуу темадагы 10.01.01 – кыргыз адабияты адистиги боюнча кандидаттык диссертациялык ишин коргоо мөөнөтү жаңы диссертациялык кеңештин курамы бекитилгенден кийин жумушчу тартипте такталып, белгиленсин.

**Диссертациялык кеңештин төрагасы,**
**филология илимдеринин доктору,**
**профессор** **Байгазиев С.О.**

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчы,**
**ф.и.к.** **Ыйсаева Н.Т.**